# Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарты (IAS) 20 ***«Мамлекеттик субсидияларды эсепке алуу жана мамлекеттик жардам жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү»***[1]

## Колдонуу чөйрөсү

1 **Ушул стандарт мамлекеттик субсидиялар жөнүндө маалыматты эсепке алууда жана ачып көрсөтүүдө жана мамлекеттик жардамдын башка формалары жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүдө колдонулууга тийиш.**

2 Ушул стандарт төмөнкүлөргө карата колдонулбайт:

(a) баалардын өзгөрүшүнүн таасирин чагылдырган финансылык отчеттуулукта же ушундай мүнөздөгү кошумча маалыматтын курамында мамлекеттик субсидияларды чагылдырууда келип чыккан өзгөчө маселелерге.

(b) пайда салыгы боюнча милдеттенменин көлөмүнө таянуу менен аныкталуучу же чектелүүчү салык салынуучу пайданы же салык зыяндарын аныктоодо жеңилдик формасында ишканага берилген мамлекеттик жардамга. Мындай жеңилдиктердин мисалы болуп салык каникулдары, инвестициялык салыктык алып салуулар, тездетилген амортизация боюнча салыктык алып салуулар жана пайда салыгынын ставкаларын төмөндөтүү саналат.

(c) ишкананын капиталына мамлекеттин катышуусуна.

(d) *«Айыл чарбасы»* ФОЭС (IAS) 41дин колдонуу чөйрөсүнө кирген мамлекеттик субсидияларга.

## Аныктамалар

3 **Ушул стандартта төмөнкүдөй терминдер көрсөтүлгөн маанилерде колдонулат:**

***Мамлекет*** **деп өкмөт, алар жергиликтүү, улуттук же эл аралык экенине карабастан өкмөттүк органдар жана мамлекеттик бийликтин башка органдары түшүнүлөт.**

***Мамлекеттик жардам*** **– мамлекеттин айрым критерийлерге жооп берген айрым ишканага же бир катар ишканаларга кандайдыр-бир экономикалык пайданы берүүгө багытталган аракеттери. Мамлекеттик жардам ушул стандарттын контекстинде коммерциялык ишмердүүлүктүн жалпы шарттарына таасир этүүчү аракеттер аркылуу, мисалы, өнүгүп келаткан райондордо инфраструктураны түзүүнүн же атаандаштардын коммерциялык ишмердүүлүгүнө чектөөлөрдү салуунун натыйжасында кыйыр берилүүчү пайданы камтыбайт.**

***Мамлекеттик субсидиялар*** **– мамлекет тарабынан ишкананын операциялык ишмердүүлүгүнө тиешелүү өткөн мезгилде же келечекте белгилүү бир шарттарды сактоонун ордуна ресурстарды которуу түрүндө берилген жардам. Мамлекеттик субсидияларга наркын негиздүү баалоо мүмкүн болбогон мамлекеттик жардам**

[1] 2008-жылдын майында чыгарылган «ФОЭСти жакшыртуу» документи менен Кеңеш башка ФОЭСтерге ылайык келтирүү максатында ушул стандартта колдонулуучу терминологияга төмөнкүдөй түзөтүүлөрдү киргизген: (a) «салык салынуучу киреше» термини «салык салынуучу пайда же салык зыяны» деп алмаштырылган, (b) «таанылган кирешелер/чыгашалар» термини «пайданын же зыяндын курамында таанылган» деп алмаштырылган, (c) «акционерлердин/өздүк капиталдын кредитке киргизилүүчү үлүшү» термини «пайдадан же зыяндан тышкары таанылган» деп алмаштырылган жана (d) «бухгалтердик баалоону кайра кароо» термини «бухгалтердик баалоого өзгөртүү» деп алмаштырылган.

© ФОЭС Фонду

**формалары, ошондой эле ишкананын демейки коммерциялык операцияларынан айырмалоо мүмкүн болбогон мамлекет менен бүтүмдөр кирбейт.**[2]

***Активдерге кирген субсидиялар*** **– мамлекеттик субсидиялар, алардын негизги шарты аларды алуу боюнча талаптарды канааттандырган ишкана узак мөөнөттүү активдерди сатып алууга, курууга же башкача түрдө сатып алууга тийиш экендигинде турат. Ошондой эле активдердин түрлөрүн чектеген кошумча шарттар же болбосо алардын убагында аларды сатып алуу же кармап туруу керек болгон мезгилдер болушу мүмкүн.**

***Кирешеге кирген субсидиялар*** **– активдерге киргенден айырмаланган мамлекеттик субсидиялар.**

***Шарттуу-кайтарымсыз зайымдар*** **– аларга карата кредитор тапшырылган айрым шарттарды аткарган учурда берилген суммаларды талап кылуудан баш тартуу милдетин өзүнө алган зайымдар.**

***Адилет нарк*** **– баалоо күнүнө карата рыноктун катышуучуларынын ортосундагы демейки операциянын жүрүшүндө активди сатып алган учурда алына турган же милдеттенмени өткөрүп берүүдө төлөнгөн баа** ***(«Адилет наркты баалоо»*** **ФОЭС (IFRS) 13тү караңыз)**

4 Мамлекеттик жардам ар түрдүү формада болушу жана берилүүчү жардамдын мүнөзү боюнча, ошондой эле демейде аны менен байланышкан шарттар боюнча айырмаланышы мүмкүн. Жардамды берүүнүн максаты демейки шарттарда, ушундай жардам жокто ал киришпей турган аракеттерге ишкананы шыктандырууда турушу мүмкүн.

5 Ишкана мамлекеттик жардамды алышы эки себеп боюнча финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн зор мааниге ээ болушу мүмкүн. Биринчиден, ресурстар өткөрүп берилген учурда ушундай өткөрүп берүүнү эсепке алуунун тиешелүү методу табылууга тийиш. Экинчиден, ишкана отчеттук мезгилде ушундай жардамды алуудан кандай даражадагы пайданы алганын белгилөө дурус. Бул финансылык отчеттуулуктун көрсөткүчтөрүн анын өткөн мезгилдер үчүн көрсөткүчтөрү менен жана башка ишканалардын финансылык отчеттуулугу менен салыштырууну жеңилдетет.

6 Мамлекеттик субсидиялар кээде башка, мисалы: дотациялар, субвенциялар же премиялар деген сөздөр менен белгиленет.

## Мамлекеттик субсидиялар

7 **Мамлекеттик субсидиялар, анын ичинде адилет нарк боюнча акчалай эмес субсидиялар төмөнкүлөргө акылга сыярлык ишенич пайда болмоюнча таанылууга тийиш эмес:**

**(a) ишкана аны менен байланышкан шарттарды аткарат; жана**

**(b) субсидиялар алынат.**

8 Ишкана субсидия менен байланышкан шарттарды аткарат жана субсидия алынат деп акылга сыярлык ишенич пайда болмоюнча мамлекеттик субсидия таанылбайт.

[2] Ошондой эле «*Мамлекеттик жардам – операциялык ишмердүүлүк менен конкреттүү байланыштын жоктугу*» ТТК (SIC) -10 түшүндүрмөсүн караңыз.

© ФОЭС Фонду

Субсидияны алуу аны менен байланышкан шарттар аткарылгандыгынын же аткарыла тургандыгынын биротоло далилдерин өзүнөн өзү камсыз кылбайт.

9 Субсидияны алуу ыкмасы субсидияга карата колдонулууга тийиш болгон эсепке алуу методун тандоого таасир этпейт. Ошентип, субсидия акча каражаттары түрүндө же мамлекет алдындагы милдеттенмелердин азайышы түрүндө алынганына же жоктугуна карабастан ал бирдей түрдө эсепке алынат.

10 Эгерде ишкана зайымды кечирүү шарттарын аткарат деген акылга сыярлык ишенич бар болсо, мамлекет берген шарттуу-кайтарымсыз зайым мамлекеттик субсидия катары таанылат.

10A Рыноктук ставкадан төмөн пайыз ставкасы боюнча мамлекет берген зайымдан алынуучу пайда мамлекеттик субсидия катары эсепке алынат. Зайым *«Финансылык инструменттер»* ФОЭС (IFRS) 9га ылайык таанылууга жана бааланууга тийиш. Рыноктук ставкадан төмөн пайыздык ставканы пайдалануудан пайда ФОЭС (IFRS) 9га ылайык аныкталган алгачкы баланстык нарктын жана келип түшкөн каражаттардын ортосундагы айырма катары бааланууга тийиш. Көрсөтүлгөн пайда ушул стандартка ылайык эсепке алынат. Ишкана зайымдан алынуучу пайда компенсациялоого тийиш болгон чыгымдарды идентификациялоо учурунда аткарылган же аткарылууга тийиш болгон шарттарды жана милдеттерди кароого тийиш.

11 Мамлекеттик субсидияны тааныгандан кийин аны менен байланышкан бардык шарттуу милдеттенмелер же шарттуу активдер *«Бааланууучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер»* ФОЭС (IAS) 37ге ылайык чагылдырылат.

**12 Мамлекеттик субсидияларды компенсациялоого арналган тиешелүү чыгымдарды ишкана чыгашалар катары тааныган мезгилдердин ичинде бул субсидияларды туруктуу негизде пайданын же зыяндын курамында таануу керек.**

13 Мамлекеттик субсидияларды эсепке алуу тартибине карата төмөнкүдөй эки кеңири ыкма бар: капиталдын позициясынан ыкма, ага ылайык субсидия пайданын же зыяндын курамынан тышкары таанылат жана кирешелердин позициясынан ыкма, ага ылайык субсидия бир же бир нече отчеттук мезгилдер аралыгында пайданын же зыяндын курамына кирет.

14 Капиталдын позициясынан ыкманын тарапкерлери төмөнкүдөй далилдерди келтирет:

(a) мамлекеттик субсидиялар каржылоо ыкмасын билдирет жана булар каржылап жаткан чыгашалар беренесин компенсациялоо максатында пайданын же зыяндын курамында таанылбастан, тиешелүү түрдө, финансылык абал жөнүндө отчетто чагылдырылууга тийиш. Субсидияларды кайра кайтаруу күтүлбөгөндүктөн, мындай субсидияларды пайдадан же зыяндан тышкары таануу керек.

(b) мамлекеттик субсидияларды пайданын же зыяндын курамында таануу укукка жат, анткени алар иштеп табылган эмес, бирок мамлекет тарабынан берилүүчү стимулдарды билдирет, алар менен эч кандай чыгымдар байланышкан эмес.

15 Кирешелер позициясынан ыкманын пайдасына төмөнкүдөй далилдер келтирилүүдө:

(a) мамлекеттик субсидиялар акционерлерден айырмаланган булактардан келип түшкөн каражаттарды билдиргендиктен, аларды түздөн-түз өздүк капиталда эмес, тиешелүү мезгилдердеги пайданын же зыяндын курамында таануу керек.

© ФОЭС Фонду

(b) мамлекеттик субсидиялар сейрек учурда кайтарымсыз берилет. Ишкана алар менен байланышкан шарттарды сактоо жана каралган милдеттерди аткаруу аркылуу аларды иштеп табат. Ошондуктан мамлекеттик субсидияларды ишкана бул субсидиялар компенсациялоого тийиш болгон тиешелүү чыгымдарды чыгаша катары таныган мезгилдер аралыгында пайданын же зыяндын курамында таануу керек.

(c) пайда салыгы жана башка салыктар чыгашаларды билдиргендиктен, фискалдык саясаттын уландысы болуп саналган мамлекеттик субсидияларды ушундай эле түрдө пайданын же зыяндын курамында чагылдыруу логикалуу болот.

16 Кирешелер позициясынан ыкма үчүн мамлекеттик субсидиялар ишкана бул субсидиялар компенсациялоого тийиш болгон тиешелүү чыгымдарды чыгаша катары таныган мезгилдер аралыгында туруктуу негизде пайданын же зыяндын курамында таанылышы өтө маанилүү. Алуу учуруна карата мамлекеттик субсидияларды пайданын же зыяндын курамында таануу чегерүү методу боюнча эсепке алуу принцибине ылайык келбейт (*«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1ди караңыз) жана, субсидиялар алынган мезгилди кошпогондо, эгерде аларды мезгилдер боюнча бөлүштүрүү үчүн база жок болсо гана, жол берилет.

17 Көпчүлүк учурда алардын аралыгында ишкана мамлекеттик субсидия менен байланышкан чыгымдарды же чыгашаларды таныган мезгил оңой аныкталат. Ошентип, конкреттүү чыгашаларды таануу учурунда субсидиялар тиешелүү чыгашалар жүргүзүлгөн мезгилдердеги пайданын же зыяндын курамында таанылат. Амортизациялануучу активдерге кирген субсидиялар сыяктуу, адатта бул активдерди амортизациялоо боюнча чыгашалар таанылган мезгилдердин ичинде жана ошол пропорцияларда пайданын же зыяндын курамында таанылат.

18 Амортизацияланбай турган активдерге кирген субсидиялар ошондой эле айрым милдеттерди аткарууну талап кылышы мүмкүн жана ошондо бул милдеттерди аткаруу менен байланышкан чыгымдар келип чыккан мезгилдерде пайданын же зыяндын курамына кирет. Мисалы, жер участогу түрүндөгү субсидия бул участокто имарат курулат деген шарт менен берилиши мүмкүн жана ушундай учурда аны бул имараттын кызмат кылуу мөөнөтүнүн ичинде пайданын же зыяндын курамында таануу орундуу болот.

19 Субсидиялар кээде алар менен бир катар шарттар байланышкан комплекстүү финансылык же фискалдык жардамдын курамында берилиши мүмкүн. Мындай учурларда чыгымдардын жана чыгашалардын пайда болушуна алып келүүчү шарттарды аныктоодо кылдаттык талап кылынат, булар өз кезегинде субсидия алардын аралыгында иштеп табылган мезгилдерди аныктайт. Субсидиянын бир бөлүгүн – бир негизге, ал эми бир бөлүгүн башка негизге жайгаштыруу орундуу болушу мүмкүн.

**20 Буга чейин тартылган чыгашалар же зыяндар үчүн компенсация катарында же кандайдыр-бир келечектеги тиешелүү чыгымдар болбостон ишканага токтоосуз финансылык колдоо көрсөтүү максатында алынууга тийиш болгон мамлекеттик субсидия ал алынууга тийиш болгон мезгилдеги пайданын же зыяндын курамында таанылат.**

21 Белгилүү бир жагдайларда мамлекеттик субсидиялар ишкананы кандайдыр-бир конкреттүү чыгымдарды жүргүзүүгө кызыктыруу үчүн эмес, ага токтоосуз финансылык жардам көрсөтүү үчүн берилиши мүмкүн. Мындай субсидиялар бир конкреттүү ишкана менен чектелиши жана бенефициарлардын бүткүл классына жайылтылбашы мүмкүн. Бул

© ФОЭС Фонду

жагдайлар ушул субсидияны ишкана аны алгандан кийин талаптарды канааттандыра баштаган мезгилдеги пайданын же зыяндын курамында таануу үчүн негиз болушу мүмкүн, мында анын таасирин так түшүнүүнү камсыз кылуучу маалымат ачып көрсөтүлөт.

22 Мамлекеттик субсидия өткөн отчеттук мезгилдердин биринде тартылган чыгашаларды же зыяндарды компенсациялоо катарында ишкана тарабынан алынышы мүмкүн. Мындай субсидия ал алынууга тийиш болгон мезгилдеги пайданын же зыяндын курамында таанылат, мында анын таасирин так түшүнүүнү камсыз кылуучу маалымат ачып көрсөтүлөт.

## Акчалай эмес мамлекеттик субсидиялар

23 Мамлекеттик субсидия акчалай эмес активди, мисалы, ишкана пайдаланышы үчүн жерди же башка ресурстарды өткөрүп берүү формасында болушу мүмкүн. Бул жагдайларда акчалай эмес активдин адилет наркын баалоо жана субсидияны, ошондой эле ушул адилет наркы боюнча активди эсепке алуу демейки практика болуп саналат. Кээде альтернативдүү ыкма колдонулат, анын учурунда актив да, субсидия да номиналдык суммасы боюнча эсепке алынат.

## Активдерге кирген субсидияларды берүү

**24 Активдерге кирген мамлекеттик субсидиялар, анын ичинде адилет наркы боюнча акчалай эмес субсидиялар финансылык абал жөнүндө отчетто субсидияларды кийинкиге калтырылган киреше катарында чагылдыруу аркылуу же болбосо аны активдин баланстык наркын аныктоо учурунда алып салуу аркылуу көрсөтүлөт.**

25 Финансылык отчеттуулукта активдерге кирген субсидияларды (же алардын тиешелүү бөлүктөрүн) көрсөтүүнүн эки методу жол берилген альтернативалар деп эсептелет.

26 Биринчи методго ылайык субсидия кийинкиге калтырылган киреше катары таанылат, ал активдин пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн ичинде туруктуу негизде пайданын же зыяндын курамында таанылат.

27 Экинчи методго ылайык субсидия активдин баланстык наркын аныктоо учурунда алып салынат. Субсидия амортизациялоо боюнча чыгашаларды азайтуу катарында амортизацияланып жаткан активди колдонуу мөөнөтүнүн ичинде пайданын же зыяндын курамында таанылат.

28 Активдерди сатып алуу жана аны менен байланышкан субсидияларды алуу ишкананын акча каражаттарынын кыйла кыймылдарына алып келиши мүмкүн. Ушул себептен улам жана активдерге инвестициялардын жалпы көлөмүн чагылдыруу үчүн мындай кыймылдар көп учурда финансылык абал жөнүндө отчетто көрсөтүү максаттары үчүн тиешелүү активден субсидия алып салынганына же салынбагандыгына карабастан акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетто өзүнчө беренелер катары ачып көрсөтүлөт.

## Кирешеге кирген субсидияларды берүү

29 Кирешеге кирген субсидиялар пайданын же зыяндын бөлүгү катары же болбосо өзүнчө же болбосо жалпы берененин, мисалы, «Башка кирешелердин» курамында көрсөтүлөт; альтернативдүү түрдө субсидиялар аларды отчеттуулукта чагылдыруу учурунда тиешелүү чыгашалардан алып салынат.

29A [Алып салынган]

30 Биринчи методдун тарапкерлери кирешелердин жана чыгашалардын беренелерин кыскартуу туура эмес жана субсидияларды чыгашалардан өзүнчө берүү субсидия таасир этпеген башка чыгашалар менен салыштырууну жеңилдетет деп ырасташат. Экинчи методду коргоо үчүн, эгерде субсидия жеткиликтүү болбосо, ишкана чыгашаларга учурабай да калмак жана, натыйжада, чыгашаларды алардын субсидия менен өз ара чегеришүүсү болбостон көрсөтүү пайдалануучуларды адашууга алып келиши мүмкүн деген далилдер келтирилет.

31 Эки методго тең кирешеге кирген субсидияларды берүү үчүн жол берилет деп эсептелет. Субсидия жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү финансылык отчеттуулукту туура түшүнүү үчүн зарыл болушу мүмкүн. Эреже катары, өзүнчө ачып көрсөтүүнү талап кылган кирешелердин же чыгашалардын ар кандай беренесине субсидиялардын таасирин ачып көрсөтүү орундуу.

### Мамлекеттик субсидияларды кайра кайтаруу

**32 Кайра кайтарылууга тийиш болгон мамлекеттик субсидия бухгалтердик баалоону өзгөртүү үчүн каралган тартипте эсепке алынууга тийиш *(«Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар»* ФОЭС (IAS) 8ди караңыз). Кирешеге кирген субсидияларды кайра кайтаруу биринчи кезекте бул субсидия жагынан чагылдырылган кийинкиге калтырылган кирешенин калган ар кандай амортизацияланбаган көлөмүн азайтууга тиешелүү. Ушундай кийинкиге калтырылган кирешенин көлөмүнөн кайра кайтарылуучу сумманын ашкан өлчөмүндө жана мындай кийинкиге калтырылган киреше жок болгон учурда кайра кайтарылуучу сумма түздөн-түз пайданын же зыяндын курамында таанылат. Активге кирген субсидияны кайра кайтаруу активдин балансытык наркын көбөйтүү же кийинкиге калтырылган кирешенин сальдосун кайтарылууга тийиш болгон суммага азайтуу аркылуу эсепке алынат. Субсидия жокто ошол убакытка карата чыгашаларга киргизиле турган топтолгон жыйынтыгы менен кошумча амортизациянын суммасы түздөн-түз пайданын же зыяндын курамында таанылат.**

33 Активге кирген субсидияны кайра кайтарууну пайда кылган жагдайлар активдин жаңы балансытык наркынын ыктымалдуу наркы түшүү маселесин кароону талап кылат.

## Мамлекеттик жардам

34 3-пунктта мамлекеттик субсидиялар аныктамасынан наркы негиздүү бааланбай турган мамлекеттик жардамдын айрым формалары, ошондой эле ишкананын демейки коммерциялык операцияларынан айырмалоого болбой турган, мамлекет менен бүтүмдөр алып салынган.

35 Наркы негиздүү бааланбай турган жардамдын мисалы катары техникалык же маркетингдик консультацияларды жана кепилдиктерди берүүнү келтирүүгө болот. Ишкананын демейки коммерциялык операцияларынан айырмалоого болбой турган жардамдын мисалы болуп мамлекеттик сатып алуу саясаты саналат, ал ишкананын сатууларынын бир бөлүгүн камсыз кылат. Пайданын бар экендиги талашсыз болушу мүмкүн, бирок коммерциялык ишмердүүлүктү мамлекеттик жардамдан ажыратууга ар кандай аракеттер толук эркин болуп чыгышы мүмкүн.

36 Жогоруда келтирилген мисалдарда пайданын маанилүүлүгү финансылык отчеттуулук пайдалануучуларды адаштырбоосу үчүн көрсөтүлүп жаткан жардамдын мүнөзү, даражасы жана узактыгы жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүү зарыл болгудай болушу мүмкүн.

© ФОЭС Фонду

37 [Алып салынган]

38 Ушул стандарттын максаттарында мамлекеттик жардам жалпы транспорттук жана коммуникациялык тармакты жакшыртуу аркылуу инфраструктураны камсыз кылууну, ошондой эле жакшыртылган системаларды берүүнү, мисалы, туруктуу айкын эмес негизде жеткиликтүү болгон жана бүтүндөй алганда, жергиликтүү коомдоштукка пайда алып келген ирригацияны жана суу менен камсыз кылууну камтыбайт.

### Маалыматты ачып көрсөтүү

**39 Финансылык отчеттуулукта төмөнкүдөй маалымат ачып көрсөтүлүүгө тийиш:**

**(a) мамлекеттик субсидияларды эсепке алуу үчүн кабыл алынган эсеп саясаты, анын ичинде аларды финансылык отчеттуулукта көрсөтүү үчүн кабыл алган методдор;**

**(b) финансылык отчеттуулукта таанылган мамлекеттик субсидиялардын мүнөзү жана өлчөмү, ошондой эле ишкана алардан тикелей пайда алган мамлекеттик жардамдын башка формаларын көрсөтүү; жана**

**(c) аткарылбаган шарттар жана таанылган мамлекеттик жардам менен байланышкан башка мүмкүн болгон жагдайлар.**

## Өткөөл жоболор

**40 Ушул стандартты алгачкы жолу колдонуп жаткан ишкана төмөнкүлөргө милдеттүү:**

**(a) бул зарыл болгон жерде, маалыматты ачып көрсөтүүгө карата талаптарды сактоого; жана**

**(b) же болбосо:**

**(i) ФОЭС (IAS) 8ге ылайык эсеп саясаты өзгөргөндүгүнө байланыштуу өзүнүн финансылык отчеттуулугун оңдоп-түзөөгө; же болбосо**

**(ii) стандарт күчүнө кирген күндөн кийин алынууга же кайра кайтарылууга тийиш болгон субсидияларга же алардын бөлүктөрүнө карата гана стандартта милдеттендирилген эсепке алуу талаптарын колдонууга.**

## Күчүнө кирүү күнү

41 Ушул стандарт 1984-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу отчеттук мезгилдерди камтыган финансылык отчеттуулукка карата колдонулууга тийиш.

42 ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган) тарабынан ФОЭСтерде колдонулуучу терминологияга түзөтүүлөр киргизилген. Мындан тышкары, 29А-пункту кошумчаланган. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 1ди (2007-жылы кайра каралган) алда канча эрте мезгилдерге карата колдонсо, анда көрсөтүлгөн түзөтүүлөр ушундай алда канча эрте мезгилге карата колдонулууга тийиш.

43 2008-жылдын майында чыгарылган *«ФОЭСтерди жакшыртуу»* документи тарабынан 37-пункт алып салынган жана 10А-пункту кошумчаланган. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү

2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталуучу мезгилдерде алынган мамлекет тарабынан берилген зайымдарга карата перспективдүү колдонууга тийиш. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Эгерде ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүүгө тийиш.

44 [Алып салынган]

45 2011-жылдын майында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 13 тарабынан 3-пункттагы адилет нарктын аныктамасына түзөтүү киргизилген. Ишкана бул түзөтүүнү ФОЭС (IFRS) 13тү колдонуу менен бир убакта колдонууга тийиш.

46 2011-жылдын июнунда чыгарылган *«Башка жыйынды кирешенин беренелерин көрсөтүү»* документи (ФОЭС (IAS) 1ге түзөтүүлөр) тарабынан 29-пунктка түзөтүүлөр киргизилген жана 29А-пункту алып салынган. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2011-жылдын июнунда киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен ФОЭС (IAS) 1ди колдонгон учурда колдонууга тийиш.

47 [Алып салынган]

48 2014-жылдын июлунда чыгарылган ФОЭС (IFRS) 9 тарабынан 10А-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилген жана 44 жана 47-пункттар алып салынган. Ишкана көрсөтүлгөн түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 9ду колдонуу менен бир убакта колдонууга тийиш.

© ФОЭС Фонду